**2017-2022 –окуу жылдарында Панфилов жалпы орто метебинин окуу-тарбия иштеринин анализи.**

**Мектептин миссиясы:** Мектеп окуучулары үчүн көп маданияттуу жана жогорку технологиялык чөйрөдө жашоого жана кесиптик ишке ашырууга зарыл болгон негизги компетенттүүлүктү өздөштүрүүсү үчүн оптималдуу шарттарды түзүү. Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартын ишке ашыруу үчүн билим берүүнүн мазмунун жана окуучулардын билим алуу сапатын өркүндөтүү:

1. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу1

2. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу

3. Ден соолукту сактоочу чөйрөнү түзүү

4. Мектеп китепканасынын ишин

Анын негизинде:

1. Ар тараптуу өнүккөн, кыргыз этносуна ылайыктуу ыйман, адепти сактаган, кыргыз мамлекетинин гүлдөп өсүшү үчүн идеялык жактан берилген, улуттук маданият жана дүйнөлүк маданиятты айкалыштыра билген билимдүү, келечекке ишенимдүү карап, чыгармачылык менен иштей ала турган окуучуларды даярдоо;

2. окуучулардын инсандыгын калыптандыруу анын интеллектуалдык шыгын өрчүтүү окуп жаткан тилинде эсеп-кысап окуу жана жазуу ыктарына ошондой эле мамлекеттик жана расмий тилдерде сүйлөшө билүү өнөрүнө үйрөтүү;

3. окуучуларга өзгөрүп турган социалдык-экономикалык шарттарга көнүгүүнү, улуттук жана дүйнөлүк маданияттын тутумуна интеграцияланууга мүмкүнчүлүк берүүчү көп тармактуу билимди берүү;

4. ЖОЖдор, илимий изилдөө институттары жана башка инновациялык ыкмалар менен иштеген алдынкы лицей-гимназиялар менен байланышып, жаныча программаларды түзүүгө жетишүү, өзгөчө блоктук-циклдык, интеграциялык окутууга жетишүү;

5. окутууну жаны информациялык технология менен камсыз кылуу жана предметтик сабактарды инновациялык методдор менен окутууну кенири колдонуу;

6. окуучуларды Ата-Мекенди сүйүүгө, аны коргоого, улуттук патриотизмге тарбиялоону уюштуруу; 7. окуучуларды дене тарбиялык жактан тарбиялоо менен ден-соолугу таза инсанды калыптандыруу, эмгекке даярдоо;

8. окуучуларды кесип тандоого аң сезимдүү мамиле кылуу менен өзүндөгү шык талантын өнүктүрүү, турмушка даярдоо.

**Күтүлүүчү натыйжалар**: Социалдык-экономикалык кырдаалга ыңгайлашып кете алуучу, сапаттуу билимге ээ болгон, өмүр бою өзүн-өзү өнүктүрүүгө муктаж жана өз мекенинин татыктуу атуулу болууга умтулган бүтүрүүчүлөрдү, инсандарды даярдоого аракеттер көрүлөт. Сапаттуу билимге ээ болушат. Окуучулардын окуудагы жетишендиктери жылына 5-8% чейин жогорулайт.

**Мектептин милдеттери**:

-Мамлекеттик стандартка ылайык окуу программаларынын аткарылышы.

-Билим сапатын жакшыртуу, интеллектуалдык көндүмдөрүн жогорулатуу

-Окуучулардын предметке болгон кызыгуусун арттыруу

_олимпиадага даярдап көрсөткүч жаратуу,

ЖТР жогорку баллга жетишүү, ар кандай кароо-сынактарга катыштыруу

Окуучуларда коомдо талап кылынуучу эң жөнөкөй көндүмдөрүн калыптандыруу.

Жаш кадрлар менен иштөө, насаатчылык кылуу.

Педагогикалык курамдын сапаттык курамын сактоо.

Методикалык бирикмелердин ишин жакшыртуу, мугалимдердин кесиптик билимин жогорулатуу, курстарга жиберүү, мугалимдерди аттестациялоо

Жетишкендиктерди көзөмөлдөө, деңгээлин сактоо

Мектепке тиешелүү иш кагаздарынын туура, так жүргүзүлүшүнө жетишүү.

Окуучуларды окутуп тарбиялоо менен, ата-энелерди мектепке тартуу, ата-эне менен мектептин ортосундагы байланышты чыңдоо, ар тараптуу иштиктүү иш жүргүзүү.

Мектеп техникалык базасын жакшыртуу ашкананы жаңы жабдыктар менен камсыз кылуу.

Социалдык сурамжылоо жүргүзүү менен турмуштук оор кырдаалдагы балдарга жана мүнөзү оор балдарга психо-педагогикалык жардам көрсөтүү.

Таалим-тарбиянын эффективдүүлүгү адеп-ахлактык, ыймандуулукка тарбиялоо.

Мектеп райондук спорт мектеби, маданият үйү, райкитепкана, балдардын билим борбору, музыкалык мектеп, тарых музейи менен тыгыз байланышта маданий-массалык иш чараларды бирдикте жалпы билим берүү жаатында КРнын мыйзамдары сактоо менен иш алып барылат. Мектепте билим алуу

мүмкүнчүлүктөрү жынысына, тилине, жашаган жерине, жашына, денсоолугуна , социалдык абалына карабастан жалпы билим алуу КР жарандарына бекер берилет.Территорияда жашаган жарандарга баарына кабыл алуу шарттары түзүлгөн кабыл алууда мектеп директорго арыз жазуу менен окуучу алынат, ата-энеге мектептин Уставы жана башка документтер менен тааныштырылат. 1-класска 6-7 жашка толгон балдар кабыл алынат. Класстан калтырылган окуучулар, мектепке тартылбай калган окуучу жок. Мектеп Кыргызстандын жогорку окуу жайлары, Колледж, лицейлер менен тыкыскызматташабыз өздөрү кесип тандоого багыт беришет, бүтүрүүчүлөр өздөрү каалаган окуу жайдан билимин уланта алышат. Биздин мектепте басым окутууга жана тарбиялоого жасалат, мектеп жана үй-бүлөнүн кызматташуусу боюнча демилгелер колго алынган, окуучулардын билим сапатын жана деңгээлин көтөрүү, мектептин МТБ чыңдоо максатында чет элдик уюмдарга долбоор жазуу, иштөө ишке ашырылат:

-педагогикалык кенеш

–методикалык бирикме

–мугалимдердин эмгек шартына жараша иш ордун текшерүү комиссиясы

-шыктуу балдар менен иштөө ийримдери -алдын алуу кенеши

-бирдиктүү маалымат бурчу(жаңылануулар менен таанышуу)

-билим берүүнү өнүктүрүүдө жаңыча билим берүү программаларын киргизүү (социалдык өнөктөш, долбоор).

**2017-2022- жыл аралыгында окуучулардын билим сапатынын корсоткучтору боюнча .**


| № | Жылдар | Жалпы окуучулардын саны | Отличниктер | Ударниктер | Жетишүү | Билим сапаты |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2017-2018-окуу жылы | 1127 | 63 | 270 | 98% | 34% |
| 2 | 2018-2019-окуу жылы | 1316 | 60 | 285 | 98% | 36% |
| 3 | 2019-2020-окуу жылы | 1301 | 79 | 290 | 100% | 38% |
| 4 | 2020-2021-окуу жылы | 1297 | 70 | 282 | 100% | 34% |
| 5 | 2021-2022-окуу жылы I жарым жылдык | 1300 | 55 | 204 | 99% | 29% |

**Окуучулардын билим сапатын аныктоодо 2017-2022- окуу жыл аралыгында отличниктердин,ударниктердин мониторинги.**




**Билим сапатынын мониторингинде корунгодой 2019-2020-окуу жылдарында отличник,ударниктердин саны бир топ жогорку корсоткучту корсоткон.**

**Окуучулардын билим сапатынын мониторинги**




Мектепте окуучулардын жетишүүсү жана билим сапаты боюнча салыштырмалуу анализ жүргүзүлүп турат: Акыркы 5 жылдан бери мектеп боюнча билим сапаты 29%-38%% көрсөтүп келет. Окуу-тарбия иштеринде ар бир класстын билим сапатынын жогорулоосу учун окуучулар учун турдуу конкурстарды уюштурат.

**БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО САЯСАТЫНА МИНИМАЛДУУ ТАЛАПТАР**:Билим берүү уюмунун так аныкталган жана кабыл алган миссиясы, анын негизинде иштелип чыккан жана бекитилген, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келген стратегиялык жана учурдагы пландардын болуусу. Билим берүү уюмунун миссиясынын негизинде иштелип чыккан жана кабыл алган билим берүү максаттарынын жана окутуунун күтүлүүчү натыйжаларынын болуусу

Билим сапатынын жылдан жылга стабилдүү өсүшүн жоорулату үчүн түрдүү формадагы инновациялык ыкмаларды пайдалунуу менен ар бир окуучуга дифференцирленген мамиле кылуу аркылуу түшүндүрүлөт. Билим сапатын аныктоо максатында даярдалган диагностикалык– анализдик иштер окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө, окуу программасына негизделип түзүлүп, окуучунун өзүнүн жөндөмүн, билимин, логикалык ой-толгоосун жана өзүнө баа берүүгө дем берет. Дагы бир себеби,предметтик мугалимдер окуучуларга жогорку талапты коё билгендигинен жана билимди калыстык менен баалагандыктан жогорудагыдай көрсөткүчтөргө ээ болгондугу тастыкталды. Баскычтарды салыштырып караганда башталгыч класстын окуучуларынын билим сапатынын туруктуу өсүшү USAID “Келгиле окуйбуз” долбоору менен бирдикте иш жүргүзүү жана башталгыч класстын мугалимдеринин “Башталгыч мектеп үчүн билим берүү стандарттары” боюнча курстан өтүүлөрүнүн натыйжасы деп белгиленди. 9-10-11 класстардын куучулары даярдык коруу тесттерине катышып турушат.